**Ош мамлекеттик университетинин математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун 510100 Математика багыты боюнча негизги билим берүү программасын түзүү боюнча алгебра жана геометрия кафедрасынын кеңейтилген отурумунун.**

**№1 ПРОТОКОЛУ**

**Датасы: 2024-жыл 12-сентябрь**

**Төрайым:** Алгебра жана геометрия кафедрасынын башчысы ф.-м. и.к., доцент Боробева Г.М.

**Катчы:** Алгебра жана геометрия кафедрасынын улук окутуучусу Мустапакулова Ч.А.

**Катышуучулардын саны: 9**

**Күн тартиби:** 510100 математика багыты боюнча түзүлгөн бакалавриат жана магистратура программаларынын негизги били берүү программасын талкулоо.

**Угулду:** Борбоева Г: Саламатсыздарбы, жумушчу топтун мүчөлөрү жана кафедранын окутуучулары.Баарыныздарга белгилүү болгондой бугун 510100 математика багыты бакалавриат жана магистратура программалары боюнча Ош мамлекеттик университетинде 2017- жылы иштелип чыккан 33 бюллетенге ылайыкталып даярдалган негизги билим берүү программаларынын долбоору менен таанышып, талкуулоо. Ошондуктан долбоор менен таанышып сунуштарыныздарды берсениздер.

**Сөзгө чыкты:**

Сарыгулова Н.А.: саламатсыздарбы, 510100 математика багыты бакалавриат программасы боюнча негизги билим берүү программасы 2021- жылы иштелип чыккан билим берүү стандартынын негизинде Ош мамлекеттик университети тарарабынын 2017- жылы иштелип чыккан 33 бюллетенге ылайыкталып даярдалды.

Каныбек кызы А: Кесипкой адисти даярдап чыгууда негизги билим берүү программасындагы компетенциялар окутулуучу дисциплиналар менен шайкеш келгени баса белгиленди. Мен бул негизги билим берүү программасын бекитүүгө сунуштайм.

Матиева Г.:Бул программа – математиканы сүйгөн, аналитикалык жөндөмүн өнүктүрүүнү каалаган жана келечекте илимий же практикалык чөйрөдө иштөөнү көздөгөн студенттер үчүн абдан ылайыктуу. Жогорку деңгээлде билим берүү менен бирге, студенттердин логикалык, чыгармачыл жана технологиялык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Программада классикалык жана колдонмо математика, математикалык моделдөө, маалыматтык технологиялар, программалоо жана илимий изилдөө көндүмдөрү менен тыгыз байланышкан предметтер камтылган. Окуу процесси аналитикалык жана логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө, чыгармачылыкты өстүрүүгө, өз алдынча иштөөгө жана кесиптик компетенцияларды калыптандырууга багытталган.

Исакова В.: Негизги билим беруу программасы заманбап билим беруу системасыны талаптарына ылайык иштелип чыккан. Аталган негизги билим берүү программасында билим беруу программасыны негизги багыттары жана структурасы туура аныкталган; кесиптик

компетенттуулуктор системалуу жана багыттуу тизмектелген ;окутуунун усулдары, формалары жана баалоо критерийлери заманбап билим берүү тенденцияларына жооп берет. Ошондой эле негизги билим берүү программасында инклюзивдик билим беруунун талаптары, санариптик көндүмдөрдү калыптандыруу, социалдык жана жумушта өзун алып жүрүү көндүмдөрдү эске алынган .Документ мазмундук жана методикалык жактан жогорку денгээлде даярдалган.

Папиева Т.М.: Негизги билим берүү программасы заманбап талаптарды чагылдырат жана окутуу жаатындагы компетенттүү адистерди даярдоого багытталган. Документте так түзүлгөн максаттар, милдеттер жана күтүлүүчү жыйынтыктар көрсөтлгөн. Бул негизги билим берүү программасы билим берүү мекемелеринде иш алып баруучу болочок адистер учун туруктуу кесиптик база түзүүгө көмөктөшөт. Негизги билим берүү программасы башкы багыттары мамлекет менен эмгек рыногуна болгон талаптарга жооп берет.

**Сунуш:**

Негизги билим берүү программасын түзүү боюнча жогоруда айтылган бардык сунуштарды эске алынып, негизги билим берүү программасынын акыркы вариантын бекитүүгө сунуштайбыз.

510100 багыты боюнча программасынын долбоору талкууланып төмөнкүдөй токтом кабыл алынды.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

а) 510100 математика багыты бакалавриат боюнча даярдалган негизги билим берүү программасынын долбооруна жогорудагы айтылган сунуш пикирлер эске алынсын.
б) 510100 математика багыты бакалавриат боюнча даярдалган негизги билим берүү программасынын бекитүүгө сунушталсын.
а)510100 математика багыты магистратура боюнча даярдалган негизги билим берүү программасынын долбооруна жогорудагы айтылган сунуш пикирлер эске алынсын.
б)510100 математика багыты магистратура боюнча даярдалган негизги билим берүү программасынын бекитүүгө сунушталсын.

Төрайым: Борбоева Г.М.

Катчы: Мустапакулова Ч.А.